УДК: 338-56
DOI 10.65996/topscience-2457/2026-1.1/167-174

Умурзаков М.С.
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш. Кыргыз Республикасы
muratsu@mail.ru
Шаршеева А. Ж.
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш. Кыргыз Республикасы
asylkan5798@gmail.com
Шаршенбаева А. К.
студент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш. Кыргыз Республикасы
aidankakanatovna@66gmail.com

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПЕНСИЯЛЫК ТУТУМУНУН ӨНҮГҮҮСҮН ТАЛДОО

Умурзаков М.С.
старший преподаватель
Кыргызский Государственный Университет имени И. Арабаева
г.Бишкек, Кыргызстан
Шаршеева А. Ж.
ст. преп.
Кыргызский Государственный Университет имени И. Арабаева
г.Бишкек, Кыргызстан
Шаршенбаева А. К.
студент
Кыргызский Государственный Университет имени И. Арабаева
г.Бишкек, Кыргызстан

АНАЛИЗ РАЗВИТИЯ ПЕНСИОННОЙ СИСТЕМЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Umurzakov M.S.
senior lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Institute of Economics and Management,
Bishkek, Kyrgyzstan
Sharsheeva A.J.
senior lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

Institute of Economics and Management,
Bishkek, Kyrgyzstan
Sharshenbaeva A.K.
student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Institute of Economics and Management,
Bishkek, Kyrgyzstan

ANALYSIS OF DEVELOPMENT OF THE PENSION SYSTEM OF THE KYRGYZ REPUBLIC

Аннотация. Новые экономические реалии вынудили независимые государства перейти на собственный путь развития системы социального обеспечения.

Пенсионная система должна учитывать текущие экономические отношения, складывающиеся в республике, в связи с чем требуется переосмысление всего механизма взаимодействия пенсионной системы с экономикой, их прямые и обратные связи.

Аннотация. Кыргыз Республикасында пенсиялык тутум эгемендүүлүккө ээ болгондон бери бир катар өзгөрүүлөргө жана реформаларга дуушар болуп, рыноктук экономиканын шарттарына ыңгайлашуу процессин башынан өткөрүүдө. Пенсиялык тутум республикада калыптанып жаткан учурдагы экономикалык мамилелерди эске алуусу керек, бул пенсиялык система менен экономиканын өз ара аракетинин бүтүндөй механизмин, алардын түз жана кыйыр байланышын кайра карап чыгууну талап кылат.

The collapse of the USSR forced the newly independent states to take their own path of development of the social security system.

The pension system should take into account the current economic relations that are taking shape in the republic, which requires a rethinking of the entire mechanism of interaction between the pension system and the economy, their direct and feedback links.

Негизги сөздөр: социалдык камсыздандыруу, пенсиялык камсыздоо, реформа.

Ключевые слова: *социальное страхование, пенсионное обеспечение, реформа.*

Keywords: social insurance, pension security, reform

Совет доорундагы административдик-командалык башкаруу системасында социалдык камсыздандыруу жана жарандарды пенсиялык камсыздоо мамлекет тарабынан ишке ашырылган. Советтик пенсиялык тутум боюнча иштеп жаткан жарандар тарабынан пенсияга чегерүүлөр жүргүзүлгөн

эмес, ал эми пенсиялар мамлекет тарабынан түздөн-түз мамлекеттик бюджеттен же мамлекеттик уюмдардан төлөнүп турган.

1980-жылдардын аягындагы кайра куруу (перестройка) экономика тармактарынын баарында, анын ичинде пенсиялык камсыздоо тармагында да рынок мамилелерге өтүүгө шарт түздү.

1990-жылы Советтик социалдык камсыздандыруу фонду түзүлүп, өлкөдөгү бардык ишканалар, мекемелер, совхоздор, колхоздор жана башка уюмдар бул фондго милдеттүү түрдө чегерүүлөрдү төлөөгө милдеттендирилген, ошондой эле иштеп жаткан жарандар да чакан пайыздык өлчөмдө төгүмдөрдү чегерип башташкан.

1991-жылдын 15-августундагы Министрлер Кеңешинин «Пенсиялык фондду түзүү жөнүндө» токтомуна ылайык, СССРдин Пенсиялык фонду жана анын бардык союздук республикалардагы бөлүмдөрү уюштурулган, ошону менен пенсиялык фондду бюджеттен бөлүп каржылоо иштери башталган.

СССРдин кыйрашынан кийин жаңы эгемендүү мамлекеттер социалдык камсыздоонун системасын өөрчүтүүдө өз алдынча жолго өтүүгө аргасыз болушту.

Кыргыз Республикасында (эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында мамлекет ушинтип аталган) социалдык чегерүүлөр ар башка мекемелерге төлөнүп турган: пенсиялык – Пенсиялык фондго, жумушсуздук боюнча – Эмгек министрлигинин алдындагы жумуш менен камсыздоо фондусуна, социалдык камсыздандыруу боюнча – Профсоюздар федерациясына.

Гиперинфляция шартында, накталай жана накталай эмес акчанын тартыштыгында, чарба аралык байланыштардын бузулушунда жашоого жөндөмдүү социалдык-экономикалык мамилелер системасын куруу зарыл эле.

1993-жылдын 10-майынан тартып өлкөдө улуттук валютанын киргизилиши инфляциянын темпин басаңдатууга жардам берди. Кийинки маанилүү кадам катары бардык социалдык төлөмдөрдү чогултуп, бөлүштүрө турган бирдиктүү орган – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Социалдык фонд түзүлдү. Бул чечимдер эл аралык уюмдар менен өкмөттүн жемиштүү кызматташуусунун натыйжасы болду.

Республикадагы пенсиялык камсыздоо системасынын түпкү реформасы 1995–1997-жылдары Европа Биримдигинин колдоосу менен ишке ашырылды. Үч жылдын аралыгында француз жана немис адистеринин тобу Социалдык фондунун кызматкерлери менен бирге «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө», «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө», «Жарандарды мамлекеттик социалдык камсыздандырууну жекече эсепке алуу жөнүндө» аталыштагы маанилүү мыйзамдарды иштеп чыгышты, белгилей кетүүчү жагдай – акыркы мыйзамда белгиленген жекече эсеп номери бир канча жылдан кийин бүткүл Кыргызстан үчүн салык төлөөчүнүн бирдиктүү идентификациялык номери катары кабыл алынган.

Жогоруда аталган мыйзамдар келечектеги пенсиянын көлөмү, эмгектенип жаткан ар бир жарандын жеке салымына негизделген жаңы пенсиялык системанын пайдубалы болду.

Мыйзамдар 1996-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген мезгилде, өлкөнүн экономикасы оор абалда эле, төлөмдөр кризиси мамлекетти камсыздандыруу төлөмдөрүн жана салыктарды натуралдык түрдө кабыл алууга, ал эми пенсияларды азык-түлүк же өндүрүштүк товарлар түрүндө төлөөгө мажбур болгон, Социалдык фондду колдоо үчүн өкмөт жыл сайын субвенцияларды бөлүп, табигый монополиялардын мамлекеттик акцияларынын бир бөлүгүн өткөрүп берген.

Ошондой эле бара-бара пенсиялык чегерүүлөрдүн бир бөлүгү иш берүүчүдөн иштеген адамга өткөрүлүп, анын көлөмү эсептелген айлык маянанын 8 пайызына жеткен. Пенсиялык реформанын Концепциясында иштеген адам менен иш берүүчүнүн төлөм үлүштөрүн теңдештирүү каралганына карабай, иштеген адам – 8 пайыз жана иш берүүчү – 15 пайыз деген катыш 2010-жылга чейин сакталып келген.

Дүйнөлүк тенденцияга ылайык, 1997-жылы аялдар үчүн 55 жаштан 58 жашка, эркектер үчүн 60 жаштан 63 жашка чейинки пенсия курагын жогорулатуу чечими кабыл алынган, бул мыйзамды ишке ашыруу дароо мүмкүн эмес эле, бул процесс 12 жылга созулуп, ар жылы пенсия курагы 4 айдан жогорулап турган.

Белгилей кетүүчү жагдай: 1990–2006-жылдары Кыргыз парламенти Президент жана Өкмөттүн популярдуу эмес кадамдарына белгилүү деңгээлде каршы чыгып, базардык механизмдерди киргизүү кыйынчылык менен коштолгон. Маселен, нөлүнчү жылдардын башында күрөш курчуп турган мезгилде, Парламент жайкы эс алууга кетээр алдындагы акыркы күнү эле пенсия жашын жогорулатууну жокко чыгаруу тууралуу мыйзамды кабыл алган. Президент ал мыйзамга кол койгон эмес, ага ветону жокко чыгаруу үчүн депутаттардын үчтөн экисинин колдоосу зарыл болуп, Президент менен Өкмөттүн айрым жаңылыш кадамдарынын фонундагы узакка созулган күрөштөн кийин, 2005-жылдагы революцияга аз калганда, Парламенттин ветону жеңип чыгышы мүмкүн болгон.

Өлкөдөгү жогоруда аталган окуялар пенсиялык реформанын андан ары илгерилешине коркунуч туудурган: Социалдык фонддун бюджетинде таңсыктык (дефицит) жаралат, пенсиялардын өлчөмүн индексациялоо мүмкүн болбой калат, республикалык бюджеттен кошумча каражат бөлүүгө туура келет деген көйгөйлөр жаралган, абалдан чыгуу үчүн мындай чечим кабыл алынган: пенсияга чыгуу курагы жумуш стажына жараша аныкталып, аялдар үчүн 20 жылдан ашып кеткен ар бир 5 жылга 1 жылга, эркектер үчүн 25 жылдан ашып кеткен ар бир 5 жылга 1 жылга кыскартылган, ошентип, белгиленген стаждан 15 жыл ашкан стажы бар жарандар 55 жана 60 жашында пенсияга чыга алган; пенсиянын базалык бөлүгүн республикалык бюджет төлөөчү болуп бекитилип, 2013-жылы бул чечим этап-этабы менен толук ишке ашкан.

Пенсиялык тутумду андан ары реформалоо мамлекеттик бөлүштүрүүчү пенсиялык камсыздоодон баш тартууга жана акырындык менен топтолмо (накопительная) системага өтүүгө багытталган.

2010-жылдан тартып иштеген адам дагы 2 пайызды Мамлекеттик топтомдук пенсиялык фондго төлөйт, мурда камсыздандыруу төлөмдөрү жеке пенсиялык эсепте гана эсептелип, ошол эле учурдагы пенсияларды төлөөгө жумшалса, эми топтомдук эсептеги акча баалуу кагаздарга жана коммерциялык банктардын депозиттерине инвестицияланат, бул 1964-жылы (эркектер) жана 1969-жылы (аялдар) же андан кийин төрөлгөн жарандарга тиешелүү, алардын топтомдук бөлүгү жылдан жылга көбөйүп жатат, бирок ар бир кишиге тиешелүү так сумманы Социалдык фонд пенсия алуучу учур келгенде гана билдире алат. Бул категориядагы адамдар 2027-жылдан тартып жапырт пенсияга чыга башташат, ошондо топтомдук компоненттин жалпы пенсиядагы салымын аныктоого мүмкүн болот, азырынча анын жылдык өсүшү кеминде 12 пайызды түзүп жатканы айтылып келет.

Белгилей кетүүчү жагдай: жарандар ушул 2 пайызды мамлекеттик эмес каржы институттарына салууга укуктуу, бирок маалымат каражатында мындай мисалдар тууралуу маалымат жок, анткени өлкөдө учурда бир эле мамлекеттик эмес пенсиялык фонд иш алып барат, башка бир да башкаруучу компания мындай ишмердүүлүккө лицензия алган эмес.

2024-жылы пенсиялык системада олуттуу өзгөрүүлөр болду, Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтик коэффициенттери 27,25% дан 12,25% ке төмөндөтүлдү, иш берүүчүлөр жумушчуга эсептелген айлык маянанын 15 пайызы өлчөмүндө пенсиялык фондго төлөм төлөөдөн бошотулду, бул бизнеске болгон салык жүгүн азайтуу аркылуу көмүскөдөн чыгарууга көмөк болмокчу деп болжолдонууда, бирок мындай эркиндик бюджеттик мекемелерге жана экономикадагы жогорку кирешелүү тармактарга жайылтылбайт.

Минималдык пенсиянын көлөмү 6900 сом өлчөмүндө белгиленип, пенсиянын орточо көлөмү 10 547 сомго жеткен, ал эми 2020-жылы 5 665 сомду түзгөн эле, 2024-жылы өлкөдө 846 миң пенсионер бар болуп, пенсия төлөө үчүн жалпысынан 91 млрд. (кээ бир башка булактардын маалыматында 94 млрд.) сом бөлүндү, пенсияларды индексациялоо жана базалык үлүшүн көбөйтүү жолу менен 652 миңден ашык адам карылыгы боюнча жөлөкпул алгандыгына карабастан, жылдын акырына карата орточо пенсиянын дээрлик 10717 сомго чейин өсүшүнө алып келди.

Белгилей кетчү жагдайлар, 2024-жылы Социалдык фонддун чыгашаларынын 86%дан ашыгын пенсиялык төлөмдөр түздү, реформалардын максаты - пенсионерлердин пенсияларын жашоо минимумуна (7064 сом) жеткирүү жана алардын реалдуу сатып алуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу 2024-жылы активдүү ишке ашырылган.

Жогорудагы маалыматтардан төмөндөгүдөй корутунду чыгарууга болот:

• советтик административдик-командалык чарба жүргүзүү системасынан базар экономикасына өтүп жаткан шарттарда, саясий жана социалдык толкундоолорго карабастан, республикадагы пенсиялык камсыздоо

системасы өз туруктуулугун сактап, камсыздандыруу принциптерин ырастоо менен өнүгүүнү улантууда;

- Өкмөт жыл сайын пенсияны көтөрүп, орточо айлык пенсиянын көлөмү пенсионердин минималдык керектөө бюджетинен жогору болушуна жетишти;
- пенсиянын базалык бөлүгүн көбөйтүү аркылуу аз пенсия алган жарандарга өзгөчө көңүл бурулуп жатат.

Ошол эле учурда камсыздандыруу топтомдорунун көбү индексацияланбаганы адилетсиздик катары бааланууда, мындан улам пенсияга жаңы чыккан жарандардын көбү нааразы бойдон калышууда.

2024-жылы пенсиялык мыйзамдарга олуттуу өзгөртүүлөр киргизилген, алардын негизгилери төмөндө келтиребиз:

1.Пенсиянын биринчи камсыздандыруу бөлүгүн эсептөө жөнөкөйлөштүрүлдү.

2. Пенсияга чыгуу үчүн минималдуу эмгек стажы белгиленди.

3. Иш берүүчүлөр кызматкерлер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотулат.

2020-жылдан тартып камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу функциясы Мамлекеттик салык кызматына өткөрүлүп берилген, алгачкы жыйынтыктар бул кадамдын туура экенин көрсөтүп жатат, андан кийинки логикалык кадам – ишкердик үчүн патенттин наркына камсыздандыруу төгүмдөрүн кошуу, мунун натыйжасында Социалдык фонддун бюджетинин кирешеси көбөймөк.

Мындан да маанилүү кадамдар – өлкөдө жумуш орундарынын санын көбөйтүү жана иштегендердин пенсияга чыккандарга болгон катышын жок дегенде 2,5:1 деңгээлине жеткирүү, анткени Эмгек боюнча эл аралык уюм 3:1 деңгээлин сунуш кылат, ошондой эле көмүскө экономиканын үлүшүн азайтуу да абдан маанилүү, анткени Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, 2023-жылы анын ИДПдагы үлүшү 19,2% түзгөн.

Ушул көйгөйлөр чечилген шартта пенсиялык система турукташып, жаңы дайындалган пенсиялар Эмгек боюнча эл аралык уюм сунуш кылгандай, жоготулган кирешенин 40 пайызына жакындайт.

Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде Кыргыз Республикасынын пенсиялык тутуму социалдык коргоонун маанилүү институту катары калыптанганы менен, анын өнүгүсүүндө бир катар системалуу көйгөйлөр бар экени аныкталды. Пенсиялык камсыздоонун каржылык туруктуулугуна демографиялык басым, эмгек рыногундагы формалдуу эмес иш менен камсыз болуунун жогору деңгээли жана социалдык фондго түшкөн каражаттардын жетишсиздиги терс таасирин тийгизүүдө.

Ошол эле учурда, пенсиялык реформалардын алкагында камсыздандыруу принциптерин күчөтүү, топтолмо элементтерди өнүктүрүү жана заманбап санариптештирүү процесстерин активдештирүү пенсиялык тутумдун натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзө алат. Калктын пенсиялык сабаттуулугун жогорулатуу жана эмгек стажын легалдаштыруу да маанилүү факторлордун бири болуп саналат.

Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын пенсиялык системасы социалдык жана экономикалык чакырыктарга жооп иретинде олуттуу

реформаларды жана модернизацияларды башынан өткөрдү. Бүгүнкү күндө ал мамлекеттик кепилдиктерди, камсыздандыруу механизмдерин жана каржыланган элементтерди бириктирген көп баскычтуу түзүмдү билдирет.

Акыркы жылдардагы негизги жетишкендиктерге пенсияларды көбөйтүү, пенсияга эрте чыгууну жоюу, эмгек активдүүлүгүн стимулдаштыруу жана иштеген пенсионерлердин салык жүгүн азайтуу кирет.

Ошого карабастан, система олуттуу кыйынчылыктарга дуушар болууда: демографиялык басым, формалдуу эмес жумуштардын жогорку деңгээли жана бюджеттик чектөөлөр. Бул маселелерди чечүү мындан аркы реформаларды, стратегиялык пландаштырууну жана Өкмөт, бизнес жана жарандык коомдун активдүү кызматташуусун талап кылат. Эң маанилүү багыттар болуп, топтолгон пенсиялык компонентти өнүктүрүү, санариптештирүү, каржылык туруктуулукту жогорулатуу жана системанын социалдык адилеттүүлүгүн чыңдоо.

Ошентип, Кыргызстандын пенсиялык системасы туруктуу өнүгүүнү көрсөтүүдө, жаңы реалдуулуктарга ыңгайлашууда, бирок калктын татыктуу карылыгын жана узак мөөнөттүү социалдык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн дайыма жаңылануу жана өркүндөтүүнү талап кылат.

Колдонулган адабияттар:

1. Геополитические игры на мировой шахматной доске: прогнозы до 2030 года / Н.А. Хаустова, О.Н. Глазунов. – М.: URSS; ЛЕНАНД, 2014.
2. Үчкемпирова Р.М., Саякбаева А.А. жана башкалар / Жалпы редакциясы А.А.Саякбаева. *Менеджмент социалдык камсыздоо жана калкты социалдык камсыздандыруу*: Окуу китеби. – Бишкек: Ж. Баласагын атындагы КУУ, 2005. – 321 б.
3. А.А.Саякбаева, К.А.Токторбаева Потребности населения в социальной защите в период трансформации экономики. Научные стремления. КНУ им.Ж.Баласагына № 17. 2016.
4. А.А. Саякбаева, А.Аташева, Т.Таалайбек. Отдельные аспекты финансирования социального обеспечения в Кыргызской Республике М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. 2017. №4 (42).60-62б.
5. А.А. Саякбаева, Н.И. Акылбекова Н.И. Роль социальной составляющей в развитии экономики. Евразийское Научное Объединение. 2018. №2-3(36). 164-167 с.